# Кыргызстандагы жапайы жаныбарлар



Автор: Бурулай Айтикулова

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Кыргызстандагы жапайы жаныбарлар

Автор: Бурулай Айтикулова
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кыргызстандагы жапайы жаныбарлар" (кыргыз тилинде),
автор Бурулай Айтикулова, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



**АК ИЛБИРС**

Ак илбирс – Кызыл китепке киргизилген жаныбар. Алардын саны дүйнө жүзү боюнча жети миңге жетет. Кыргызстанда 200-300гө жакын ак илбирс бар. Ак илбирстер өтө ыкчам секирик жасай алганы менен айырмаланат. Алар 15 метр жерден секирип, жандыктарды кармай алат.

Ак илбирс жылына эки жолу тукумдайт, көбүнчө экиден, ашып кетсе, бешке чейин күчүк тууйт. Алар 13 жылга чейин жашайт. Ак илбирсти добушунан айырмалоо мүмкүн эмес. Анткени көмөкөйү табиятынан ушундай жаралган. Эч кандай шыбыш, үн, добуш чыгарбай, ал тургай дем алганын да сездирбей жүрө алат.

Эң жогорку бийиктиктерди багындырган альпинисттер бири-бирин “ак илбирс” дешет.

Ак илбирстин сөлөкөтү бир катар өлкөлөрдүн теңге, герб жана башка мамлекеттик белгилерине түшүрүлгөн. Бишкек шаарынын гербинде да ак илбирс тартылган.



**АРКАР**

Азыркы эсептөөлөр боюнча, Кыргызстанда аркар-кулжанын саны болжол менен он беш миңдей. Кыргызча ургаачысын аркар, эркегин кулжа деп аташат. Алар бийик тоолуу жерлерде үйүр-үйүр болуп, топтошуп жүрүшөт.

Тынч жерлерде негизинен күндүз, ал эми браконьерлер (экологиялык эрежелерди бузган аңчылар) көп барган жерлерде түнкүсүн тиричилик кылышат. Жылына бир жолу апрель-май айларында бир, чанда эки козу тууйт.

Республиканын аймагында аркардын үч түрү кездешет: Памир аркары, Тянь-Шань аркары жана Северцов аркары. Памир аркары азыр көбүрөөк – ар кайсы булактардан алынган маалыматтар боюнча алардын саны 8000–10000ге жетет. Тянь-Шань аркарынын саны 1000 ден ашпайт. Северцев аркары дээрлик жок болууда.



**БУГУ**

Бул жаныбардын эркегин бугу, ургаачысын марал дейт. Буту узун, куйругу кыска, ача мүйүздүү. Бугунун 12–13 түрү белгилүү. Топ-тобу менен жашайт. Мүйүзү жыл сайын түшүп, кайра чыгат.

Бугулар Кыргызстандын Ысык-Көл жана Нарын облустарында бар. Нарын коругунда атайын көзөмөлгө алынган бугулар (маралдар) бар.



**ТОО ЭЧКИ**

Анын эркеги тоо теке, ургаачысы тоо эчки деп аталат. Тоо эчкинин текеси ири, мүйүзү чоң, ээгинде сакалы бар. Эчкиси кичирээк болот. Алар аскалуу бийик тоолордо үйүрү менен жашайт.

Аска-жарларга оңой чыгат, шамдагай болот. Өңү боз. Жыт алды дегиче болду, дароо эле качып, көздөн кайым болуп кетет. Ошондуктан карышкыр, илбирс сыяктуу жырткычтарга оңой менен жем болбойт.

Алар 2-3 жашында үйүргө кошулат. Май-июнь айында 1–2 улак тууйт. Кыргызстанда тоо эчки көп. Бакма эчки тоо эчкилерден келип чыккан.



**КҮРӨҢ АЮУ**


Күрөң аюу бийик тоолорду мекендейт. Аюунун баласын мамалак дейт. Суткалык жашоо тиричилиги даана бөлүнгөн эмес. Эртең менен жана кечкисин азыктанууга чыгат. Азык издеп же аң кууп убактылуу башка жерлерге көчүшөт.

Аюунун өзгөчөлүгү – анын кышкы чээнге кириши. Адегенде уйкусурап, кайра ойгонуп жата берет. Кыштын жарымына жеткенде катуу уйкуга кирет.

Декабрдын аягында, январдын башында аюунун ийининде мамалагы туулат. Жазында чээнден чыкканда балдары энесин эле эмбестен, чөптөрдүн тамырларын да казып жей баштайт. Эки айдан кийин эт жегенди үйрөнөт.

Эгер ийинин адам көрүп калганын байкаса, анда аюу балдарын алып башка жакка кетет. Балдары торолуп калганда, аңчылыкка үйрөтөт.

Акыркы 10 жыл ичинде аюулардын саны бардык жерлерде кескин азайды. 1986-жылдан бери ага аңчылык кылууга тыюу салынган. Кыргызстандын коруктарында башка жаныбарлар менен бирге коргоого



**ТҮЛКҮ**

Түлкүнүн денеси созулуңку, буттары кыска. Куйругу узун, үлпүлдөк жүндүү. Арсайган тиши курч. Токойлуу жерди мекендейт. Ийинде жашайт. 12 бачики тууйт. Анын сак кулактыгы азыгын табууда жардам берет. Душманын алыстан эле сезет да, тез эле жашынып калат.

Кышында түлкү чычкан кармап жан багат. Арткы буттары менен тура калып басат. Секирип, ары-бери бурулуп, тегеренгенде, бийлеп жаткандай сезилет.

Коёнду кубалап жетүү түлкү үчүн кыйын, ошондуктан ал коёнду көп кырат дегендер жаңылышат. Ал бака, кескелдирик, ири курт-кумурскаларды, канаттуулардын жерге салган уясынан жумурткаларды жейт. Бирок анын негизги азыгы – момолойлор жана чычкандар.

Түлкү жылына бир нече миңдеген чычканды жок кылат. Ал эми бачикилери менен андан эки-үч эсе көп чычкан кырып, табиятка чоң пайда келтирет.

Бачикилер төрт айлык болгондо, өз алдынча азык таап жеп, күн көрүүгө жарап калат да, ата-энесинен бөлүнүп кетет.



**КАРЫШКЫР (бөрү)**

Карышкыр жер жүзүндө мындан 100 миллион жыл мурун пайда болгон.

Бөрүнүн куйругу анын ички абалын билдирип турат. Эгер куйругу чамгарактап турса, анда өзүнө ишенимдүү экендигинен кабар берет. Маанайы жакшы учурда куйругу ылдый түшкөнү менен, баары бир учу өйдө көтөрүлүп турат. Бир нерседен корккондо же сактанганда, куйругун кыпчып алат.

Карышкыр 15 жылга чейин жашайт. Ургаачылары балдарын курсагында 62-65 күн көтөрүп, 3төн 10-13кө чейин бөлтүрүк тууйт. Ата-энеси балдарын жеген эттен кулгуп берүү менен багышат.

Бөлтүрүктөр көздөрү көк болуп туулат да, 8-16 апта өткөн соң алтын-сары же сары-күрөң түскө өтөт. Бөрүлөрдүн 42 тиши болот.

Түштүктү байырлаган бөрүлөр жер-жемишти, ал эмес козу карынды да жегенди илгертен эле өздөштүрүп алган. Талаа аймактарда жашагандары бакчага кирип келип, коон-дарбыз менен суусундугун кандырып, курсагын тойгузуп кете беришет.

Бөрүлөр өздөрү турак кылган аймагын башка бөрүлөрдөн коргоп, белги коюшат. Дүмүрлөр менен чоң таштарды заарасы же заңы менен белгилеп, кулаган дарактардын кабыгын тытмалап из калтырышат. Бөрүлөрдүн эң күчтүүсүн, тайманбасын “көк жал” деп коюшат. Адатта ал үйүр башчысы болот.

Карышкыр — табияттын санитары. Алар өлүп калган жаныбарларды вирус таркатпай жеп салат. Жаратылышка пайдасы көп.



**СҮЛӨӨСҮН**

Сүлөөсүн орто бийик тоолуу токойлордо жана бадалдуу тоолордо жашайт. Көбүнчө түнкүсүн жана күүгүмдө жүрөт. Күндүз капчыгай, калың токойлуу же чоң-чоң таштуу жерлердин арасында жашынат. Сүлөөсүндүн негизги азыктары — коён, элик, бөдөнө, кекилик, майда кемирүүчүлөр жана куштар.

Кыргыз тоо кыркаларынын түндүк бетинде 20 сүлөөсүн катталган. Бул анын аз санда экенин жана жашыруун жашап жүрөрүн айкындайт. Чоң-Кеминде сүлөөсүн дайыма болот. Талас аймагында жана Нарын дарыясынын башында карагайлуу токойлордо ал көбүрөөк кездешет.

Сүлөөсүн 2ден 3кө чейин мышык тууйт. Кээ бирде алардын саны 4-5 ке жетет. Энеси балдарын бир жыл бою жанында алып жүрөт. Сүлөөсүндүн негизги азыктары – ар түрдүү омурткалуу жаныбарлар, ошондой эле куштар. Баарынан да коёнду жегенди жактырат. Алар аз болуп калса, эликке, бөдөнөгө, кекиликке, чычкан сымал кемирүүчүлөргө жана майда таранчы сымал куштарга кол салат. Бийик тоолордун этегине өтсө, эчкилерди жана жаш текелерди кармап жешет. Ушул жерлерде уларга да аңчылык кылышат.



**СУУР**

Суур сүт эмүүчүлөрдүн ичинен кемирүүчүлөр тобуна кирет. Суурлар топ болуп жашашат. Тобунда 14-15 суур болот. Чоң суурлардын салмагы 3-4 кг чейин жетет. Суурдун баласын чөндөлөй дешет.

Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарба агенттигинин билдирүүсүнө ылайык, азыр Кыргызстандын аймагында суурдун үч түрү байырлайт: боз суур, кызыл суур жана мензбир сууру. Республиканын түндүгүндө көбүнчө боз, түштүгүндө кызыл суур таралган.

Чаткал кырка тоосунан кездешкен мензбир суурунун ээлки мекени – Теңир-Тоо. Кыргызстанда боз түстөгү суур көп. Мензбир түрү аз кездешет.

Суурлар дагы кышында чээнге кирип уктайт. Балдарын жазга жакын ийининде тууп, күн жылыганда сыртка ээрчитип чыгат. Суурлар өтө сак болушат. Өз ийининен алыс кетишпейт.



**КОЁН**

Коёндун негизги тоюту – көк чөп жана тамыры тоют өсүмдүктөр. Коёндордун 10 тобу, 50дөй түрү бар: ак, чоң боз, манжур жана кадимки коёндор жана башкалар.

Бардык коёндордун алдыңкы буту кыска, арткы буту узун, секирип чуркоого абдан ыңгайлуу. Алдыңкы буттары 5, арткы буттары 4 манжалуу. Үстүңкү жаагында 2 жуп кашка тиштери бар. Эң чоңдору – алдыңкы кашка тиштери, тынымсыз өсүп турат.

Коёндор 2-12 бөжөк тууйт. Бир жайда 2-3 жолу төлдөйт. Көпчүлүк жаныбарлардай коён да бөжөктөрүнө куйругу менен белги берет. Коён куйругун көтөргөндө, бөжөктөрү жашынганга шашылат. Алар күзгү чөп-чарга өңдөшүп, көзгө оңой менен байкалбайт.

Коёндун бири-биринен алыс жайгашкан кыйгач көздөрү алдын, капталын эле эмес, арт жагын да бир аз көрөт. Кулагын да туш тарапка бура алат. Климаты суук жерлерде ак коён жашайт. Кышкысын токой ак кар жамынат. Коён күзүндө түлөп, боз жүнү түшөт да, ордуна кардай аппак жүн чыгат.



**КАМАН (жапайы чочко)**

Жапайы чочконун 3 түрү белгилүү: каман, сакалчан чочко, кидик чочко. Чоң каман күрөң түстө, торопоюнун агыш жолжол тагы бар.

Астыңкы жана үстүңкү кылкыйма тиштери чоң (айрыкча эркегиники), ууртунан чыгып, жогору кайрылып турат. Негизинен топтошуп жашайт. Март-май айларында ургаачысы 4-6 торопой тууйт. Алар өсүмдүк тамыры, чөп, курт-кумурскаларды жана алардын жумурткаларын жейт.

Жаңгак жана мөмөлүү токойлордо жапайы чочколор толугу менен жаңгак, мисте, алма жана алча өрүгүнүн жемиштери менен азыктанууга өтүшөт. Кыш мезгилинде кардын астында калган жемиштерди таап азыктанышат. Бадал өсүмдүктөрүнүн (арчанын, ит мурундун, тоо гүлүнүн, долононун ж.б.) мөмөлөрү да жапайы чочкого жакшы азык болот.



**КАШКУЛАК**

Кашкулактын жону, капталы боз, боору каралжын. Башынын эки жагында тумшугунан кулактарын көздөй кара жолчолор кетет. Буттары кыска, манжалары узунураак, тырмагы узун болуп ийилип турат.

Суук аймактарда кышкысын чээнге кирет. 1–6 чөндөлөй тууйт. Көзү ачыла элек чөндөлөйлөрүн эне кашкулак ийинден күнөстөтүп сыртка алып чыгат.

Кашкулак – абдан сак жаныбар. Жемин түн ичинде издейт. Кашкулактын ийинин тапкан күндө да, анын өзүн көрүү кыйын. Ийинден чыгардан мурун, ал эки жагын байкап, тыңшап, жыттайт. Эгер шектүү бир нерсени сезсе, чыкпай жата берет. Кашкулактын ийини терең. Анда ар тарапка кеткен буйтка жолдор көп. Ал жыл сайын жаңы ийин казат.

Кашкулак кышты чээнде уктап өткөрөт. Чөп-чар менен ийинин аябай жылуулап, оозун бүтөйт. Кыштын жылуу күндөрү ал ойгонуп, ийинден чыгат. Ал буттары менен ийин казып, чөптүн тамырларын чукуйт.

Кашкулак өсүмдүк тамыр-сабагы, мөмө, жаңгак, козу карын жана башкалар менен азыктанат. Олдоксон эпсиз көрүнгөнү менен, кашкулактар кемирүүчүлөрдү, бака, кескелдириктерди шамдагайлык менен кармап, сөөлжандарды казып алышат. Саратан коңузунун личинкаларын өтө көп санда жеп, табияттагы тең салмакты сактоого пайда келтиришет.

Балдар, бул жаныбарлардын көпчүлүгү Кызыл китепке[1] киргизилип, коргоого алынган. Акыркы 20 жылдын ичинде Кызыл китепке кирген жаныбарлардын саны 23кө жетти.

Жактырган жаныбарыңар жөнүндө чакан баян куруп бергиле. Анын жашоосун, көрүнүшүн сүрөттөгүлө. Ал жаныбарды эмне үчүн жактырасың?

**ЖАНЫБАРЛАРДЫ КОРГОЙЛУ!**

[1] Кызыл китеп – сейрек кездешүүчү жоголуп бараткан же жоголуп кетүү коркунучунда турган жапайы жаныбарлар, өсүмдүктөр жана козу карындар жөнүндөгү маалыматтардын жыйындысы.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор Бурулай Айтикулова
Сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | **4.2 деңгээли** |